УДК 378. 14:53

*Борубекова Гулназ, окутуучу*
*М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети*

# ӨЗДӨШТҮРҮЛГӨН СӨЗДӨРДҮ ИНТЕРАКТИВДҮҮ ЫКМАЛАР АРКЫЛУУ ОКУТУУ

# ОБУЧЕНИЕ ОСВОЕННЫХ СЛОВ ЧЕРЕЗ ИНТЕРАКТИВНЫЕ МЕТОДЫ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

# TEACHING MASTERED WORDS THROUGH INTERACTIVE METHODS IN KYRGYS LANGUGE

***Аннотация:*** *Бул макалада өздөштүрүлгөн сөздөрдү интерактивдүү окутуунун өзгөчөлүктөрү чагылдырылган*

***Аннотация:*** *В этой статье представлена информация об интерактивных методах преподавания использованных слов на кыргызском языке*

***Abstract:*** *This article provides information on interactive methods of teaching masterd words in the Kyrgys language.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *ыкма, кадам, натыйжа, интерактивдүү, заманбап, анализ, педагогика*

***Ключевые слов****а: метод, шаг, результат, интерактивный,анализ, современный, педагогика*

***Key words****: method, step, results, interactive, modern, analysis,pedagogy*

Коомдун өзгөрүшү менен билим берүү системасы да чон өзгөрүүлөргө дуушар болду. Замандын талабына ылайык эн алгач окуу жайлардагы окутуу технологияларын өзгөртүү зарылдыгы жаралып, окуу процессинде сапаттуу билим берүүгө басым жасалып келүүдө. Айрыкча педагогика илиминде окутуу процессин заман талабына ылайык өнүктүрүү боюнча алгылыктуу аракеттер жасалып келүүдө. Интерактивдүү окутуу салттуу окутууга салыштырмалуу алда канча өзгөчөлүктөргө ээ. Себеби интерактивдүү окутууда аралыктан окутуу деген түшүнүк коштоп, студент менен окутуучунун ортосундагы жакын байланыш ишке ашат.

И. Бекбоев белгилегендей, инновациялык билим берүүчү технологияларды колдонуу- мугалимдин педагогикалык технологиясынын негизи экендигин эске алып (1), анда азыркы сабактагы инновациялык технологиялардын колдонулуу абалын анализге алуу менен аларды жанылоонун зарылдыгына басым жасала баштагандыгын белгилеп кеткен.

Сонку жылдарда мугалимдер арасында эң эле көп талап кылынган китеп Г.К.Селевконун эмгеги болду (3). Анда автор жаңы мурда колдонулуп келген окутуу тарбиялоо ыкмаларын, усулдарын, идеяларды бириктирип келип азыркы билим берүүнүн жаны технологияларын иштеп чыгып, бул процессти иш жүзүнө ашыруу үчүн интерактивдүү окутуунун манызы окутуу процесси студенттерди дайыма активдүү өз ара аракеттенүүсүнүн шартында болуусу–бул кызматташууга өз ара түшүнүүгө, өз ара аракеттенүүгө алып келбей баарлашууну жана өнүктүрүүнү талап кылат. Ошондуктан жогорудагы максаттарды ишке ашыруу үчүн “Мугалим тынымсыз окуп турбаса, ал мугалимдиктен калат” деген принципке таянып изденүүнүн жолунда болуусу зарыл. Андыктан, эски салттуу сабактарды гана пайдаланбай өз билимибизди өркүндөтүп, тынымсыз изденип, ар бир сабакта жанылык жаратып заманбап сабактарды өтүүгө аракет кылуу керек. Буга мисал катары төмөндөгү сабактын иштелмесин сунуш кылабыз.

**Көргөзмөлүү сабактын иштелмеси**

**Сабактын темасы:** Кыргыз лексикасынын байышынын сырткы булактары (иран- фарс, орус, монгол, араб тилинен кирген сөздөр).

**Колдонулуучу ыкма:** РАФТ, блок система.

**Сабактын максаты:**

1. РАФТ стратегиясын, блок системаны колдонуу аркылуу өздөштүрүлгөн сөздөрдүн байышы жөнүндү түшүнүк алышат;
2. Мүнөзүндөгү өздүк касиеттери жогорулайт;
3. Жазуунун, сүрөт тартуунун, татымын тандай билет;
4. Бири-бирин угууга, сыйлоого үйрөнүшөт;
5. Өздөшүрүлгөн сөздөрдү турмушта колдоно билүүгө көнүгүшөт;
6. Оозеки жана жазуу көндүмдөрү өнүгөт.

**Күтүлүүчү натыйжа:**

- Студенттердин интеллектуалдык денгээли жогорулайт
- Логикасы өсөт:
- Алган түшүнүктөрүн башка предметтер менен байланыштыра алат
- Атаандашуу процесси түзүлөт
- Ар кандай ситуацияга даяр болот, андан чыга алат.

**Сабактын жабдылышы:**

Ватмандар, слайд, окуу китептери, маркер, стикер, ар түрдүү сүрөттөр

**Предмет аралык байланышы:** Биология, адабият, сүрөт, дене тарбия

**Сабактын жүрүшү: Уюштуруу, чакыруу, түшүнүү, ой жүгүртүү**

**Уюштуруу**

**Окутуучу:** Саламатсынарбы, балдар? Биз бүгүнкү сабакты «Куржундагы өзгөчө макал» деген темада эч ким укпаган макалдардан айтышуу менен баштайлы. ( Ар бир студент өзгөчө макалдарды атап чыгышат).

**Окутуучу:** Азаматсынар балдар, отургула. Кана эмесе балдар мага билдирүү бергиле. Ким бүгүнкү сабакка келген жок? (бир студент келбеген студенттердин тизмесин баракка жазып окутуучуга берет).

**Музжаргычтар. «Бак аралап бара жатып…»** деген музжаргычтарды ойнотуу аркылуу сабакты баштайт. Бул оюнда студенттерди үч топко бөлүп, биринчи топ «тоок», экинчи топ «торпок», үчүнчү топ «мышык» деп бөлүнөт. Мисалы: бак аралап бара жатып көрүп калдым торпокту дегенде экинчи топ «Моо-моо-моо» деп ордуларынан тура калуулары керек. Оюн ошентип андан ары улантылат. Бул музжаргыч аркылуу студенттердин чарчоосу басылат

**Окутуучу:** Азаматсынар! Кана эмесе үй тапшырма эмне берилген? (Уй тапшырма суралат) Айткылачы, балдар колумдагы күкүрт деген сөздү орусча эмне дейт?

**Студенттер:** Спички.

**Окутуучу:** Кандай деп ойлойсунар, кукурт кайсы тилден кабыл алыган? Студенттер өз ойлорун айтышат.

**Окутуучу:** Эн туура айттынар, демек, бүгүнкү өтүлө турган жаны темабыз да өздөштүрүлгөн сөздөр жөнүндө болмокчу.

**2. Түшүнүү**

(Слайд көрсөтүлөт) слайда өздөштүрүлгөн сөздөрдүн келип чыгуу тарыхы жөнүндө баяндалат. Кыргыз эли өзүнүн өнүгүү тарыхында ар түрдүү элдер менен ар кандай алака-катышта болуп келгендиктен, кыргыз лексикасына башка элдин тилдеринен көптөгөн сөздөр келип кирген. Алар ар кандай жолдор менен жана ар түрдүү мезгилде келип кирген.

Кыргыз тилинин лексикасынын составында бүгүнкү күндөгү биз колдонуп жүргөн сөздөр өзүлөрүнүн теги жагынан, негизинен, монгол, араб, иран, орус тилине таандык. Ошондуктан, аларды төмөнкүдөй топторго болуп, ар бирин өзүнчө кароого туура келет.

**Орус тилинен кирген сөздөр:** Мисалы: ряд-ирет, тьюрма- түрмө, галош-колош, булка- болко, комсомол, агитатор, институт, прогресс, гимназия, журнал.

**Монгол тилинен кирген сөздөр:** Мисалы: Бажа, абысын, күйөө, жорго, бото, буркут, кунан, аяк.

**Иран-фарс тилинен кирген сөздөр:** Мисалы: пахта, дан, жүгөрү, меке, күрүч, зыгыр, шалгам, терезе, дубал, дос, өнөр, күнөө, гүл, шаар ж.б.

**Араб тилинен кабыл алынган сөздөр:** Мисалы: мугалим, мектеп, сабак, сабат, кабар, аба, аспап, убакыт, жума, укук, урмат, набат ж.б.

***Топко бөлүнгөнгө чейинки иш –аракеттер***

1-**көнүгүү**. Конфетте оролгон суроолор


1-суроо: Орус тилинен кабыл алынган сөздөргө мисал келтир.

2-суроо: Иран-фарс тилинен кирген сөздөргө мисал келтир.

3- суроо: Монгол тилинен кирген сөздөргө мисал келтир.

4-суроо: Араб тилинен кирген сөздөргө мисал келтир

**2- көнүгүү «Блок системаны»** толтуруу ( Доска менен иштоо)




**Ой жүгүртүү**

**1-кадам:** Топторго бөлүнөт (1, 2,3-топ). Окутуучу студенттерди үч топко бөлүп алат.

**2-кадам:** Ар топко даярдануу учун 15 минута убакыт берилет.

**3-кадам:** 1-топ жаны тема боюнча алган түшүнүктөрүн 5 минутанын ичинде презентациялап беришет.

**4-кадам:** 2-топ жаны өз тапшырмасын актерлук чеберчилик менен презентациялап беришет.

**5-кадам:** 3- топ тема боюнча алган түшүнүктөрүн графиканын жардамында презентация жасашат.

**6-кадам:** Ар бир топ сабакка анализ беришет. 1-топ смайлик тартылган баракчаларга сабактын анализин жазуу иретинде сунушташат.

2-3-топтор шарды үйлөп смайликтерди тартуу аркылуу анализдешет. Мисалы: Наргиза: -Бүгүнкү сабак мен үчүн аябай кызыктуу болду. Себеби, башка предметтер менен байланыштырып, сүрөт тартып өттүк.

**7-кадам:** Топтор бирин-бири баалашат.

**8-кадам:** Окутуучу баалоону жыйынтыктайт.

**9-кадам:** Үй тапшырма берилет. Өтүлгөн тема боюнча графикалык ыкманы пайдаланып, сүрөт тартуу берилет.

1- **кадам: Окутуучу:**

Мына балдар, бүгүнкү сабагыбыз да аягына чыкты. Саламатта бар болгула!

**Адабияттар:**


1. Оторбаев Б. Адабиятты окутуунун жаны технологиялары Б.: Турар, -2009. -б.6.
2. Конорская О.В. «Инновационное обучение: методика, технология, школьная практика». СПБ -1997. -С.8-15
3. Муратов А. “Окутуунун жаны технологиялары” Бишкек-2017. -б.6-10.

4. Укуева Б.К. Жогорку окуу жайларында студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда окутуунун жаны технологияларын колдонуунун илимий-педагогикалык негиздери. Ош.-2012.